| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>Ош облусу<br>Алай району<br>Корул айылдык кенеши | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>Ошская область<br>Алайский район<br>Корулский айылный кенеш |

# Корул айылдык кенешинин 7-чакырылышынын кезектеги 24-отурумунун

# ТОКТОМУ

**19-октябрь.2023-жыл** **№24/2** **Тогуз Булак айылы.**

**Корул айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү планынын жана бюджетинин тогуз айда аткарылышы жөнүндө**

Корул айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү планынын жана бюджетинин тогуз айда аткарылышы боюнча бюджет жана экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын маалыматтарын угуп, талкуулашып, Корул айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. 2023-жылдын тогуз айына карата айыл өкмөтүнүн экономикалык көрсөткүчтөрдүн бардык түрлөрү боюнча кабыл алынган пландар айыл өкмөтүнүн тиешелүү кызматкерлери тарабынан аткарылгандыгы канааттандыраарлык деп белгиленсин.

2. 2023-жылдын жыйынтыгына карата бардык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын жыйынтыктоо, кабыл алынган пландарды толугу менен аткаруу, айыл өкмөтүндө бюджеттин киреше бөлүгүнө салык жана салык эмес жыйымдарды топтоодо белгиленген план божомолдордун жалпы көрсөткүчүн жылдын жыйынтыгында толук аткаруу жана кошумча кирешелерди тартуу жагы Корул айыл өкмөтүнүн башчысы Турганбаев Мустафага милдеттендирилсин..

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссияга жана Корул айыл өкмөтүнүн башчысы Турганбаев Мустафага милдеттендирилсин.

**Төрайым** **М.А.Абдыкадырова**